баяндалган. Бул бөлмөгө өзүбүздүн мектептен тышкары башка мектептерден тажрыйба үйрөнүүгө келген ата-энелердин саны жыл санап артууда. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өстүрүү боюнча гимназиябыздын 20 жылдык тажрыйбасы республикалык, облустук, райондук телекөрсөтүү, гезит–журналдарда чагылдырылып, семинар, конференция, симпозиум, съезддерде талкуулардын предмети болуп келет. Өзгөчө 2015–жылдын августунда өткөн Кыргыз Республикасынын мугалимдеринин 3-съездинде автордун “Энелер мектеби жөнүндөгү” баяндамасы съезддин катышуучуларынын чоң кызыгуусун жараткан.

Бүгүнкү күндө “Энелер мектебинин” тажрыйбасы Сүлүктү, Баткен, Ноокат, Араван, Чон Алай, Ош шаар–райондорунун бир топ мектептерине жайылтылууда. Ал эми Лейлек райондук билим берүү бөлүмүнүн 2016-жылдын 5-сентябрындагы буйругу менен райондогу бардык 65 мектеп жана 45 бала бакчасында коомдук башталышта, автордун программа жана колдонмо китебинин негизинде “Энелер мектеби” ачыла турган болду. Мунун өзү районубуздун ата-энелеринин ошону менен бирге жалпы калктын педагогикалык маданиятын жогрулатууга чон кадам болду десек болот.

Жыйынтыктап айтсак, бүгүнкү татаал коомдук турмушта окуучуларды окутуу–тарбиялоонун сапатын жакшыртуу аларды зордук-зомбулук, наркомания, укук бузуу ж.б.у.с. терс таасирлерден сактоо; үй-бүлө жана коомдо жагымдуу, өнүктүрүүчү педагогикалык моралдык – психологиялык климат түзүүнүн зарыл шарттарынын бири – бул ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү болуп саналат.

**Адабияттар**


1. Алимбеков А. Улут тагдыры – туура уюштурулган таалим–тарбияда// Ж. Баласагын атындагы КМУУнун жарчысы. – 2014. – Атайын чыгарылыш. – 86-89 б.б.
2. Бестужев–Лада И. Ожидаемые и желаемые изменения в системе народного образования России // Учитель. – 1997. – № 2. – С. 3.
3. Гребенников И.В. Основы семейной жизни: Учебное пособие для студентов пед. институтов. – М.: Просвещение, 1991. – 158 с.
4. Гребенников И.В. Педагогическую культуру каждой семье. – М.: Знание, 1978. – 41 с.
5. Каган М.С. Философия культуры / М.С. Каган. – СПб.: Петрополис, 1996. – 414 с.
6. Мадаминов Г. “Ата-энелер сиздер үчүн”. – Бишкек, 2015- 56 б.
7. Сухомлинский В.А. О педагогической культуре родителей [Текст] / В.А. Сухомлинский // Избранные педагогические сочинения в 3-х томах. – М., 1981. – Т. 3. – 436 б.


УДК 377.031:378.4(100)

## МЕКТЕПТЕ ОКУУЧУЛАРДЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТТЕРГЕ ОКУУГА ДАЯРДОО

***Мадаминов Гапыр Маматкулович Мадаминов Гапыр Маматкулович*** *Лейлек району, №3–гимназиянын директору Баткен обл,Кыргыз Республикасы, E-mail:m.i.g.11.14@list.ru*
*тел: 0558958285.*

**Аннотация:** Бул темада эл аралык университеттердин өзгөчөлүктөрү, Болон системасы, аларда окуган студенттерге коюлуучу талаптар, эл аралык университеттерге окууга мектептен баштап окуучуларды кызыктыруу, даярдоо жөнүндө айтылат. Эл аралык университеттерге окууга даярдоодо Лейлектеги №3 гимназияда пайдаланылган Акыл эмгегинин маданияты (АЭМ), ой өрүшү-кругозор сабагы, чет тилини үйрөнүү курс, ийримдери жөнүндө маалымат, алардын натыйжасы баяндалат.

**Ачкыч сөздөр:** эл аралык университеттер, Болон системасы, кредит – саат, өз алдынча билим алуу, акыл эмгегинин маданияты, кругозор, технопарк, информациялык технологиялар.

## PREPARATION OF SCHOOLCHILDREN FOR EDUCATING IN THE INTERNATIONAL UNIVERSITIES

***Madaminov Gapyr Mamatkulovich** a director of gymnasium № 3 Leilek district, Batken region, Kyrgyz Republic, E-mail:m.i.g.11.14@list.ru, тел: 0558958285.*

**Abstract:** This paper describes the features of the international universities of Bologna system, the conditions are put in front of students studying there, even details how students from a high school bench is prepared to enroll and study at International University.

This report also gives some information about methods, lessons such as "The culture of mental work", "Erudition", language learning courses and their effectiveness on preparing of school pupil to study in international universities, which are used in Gymnasium #3, Leylek region.

**Keywords:** international university, Bologna system, credits for courses, studying independently, culture of mental work, erudition, techno-park, information technologies.

## ПОДГОТОВКА ШКОЛЬНИКОВ ДЛЯ ОБУЧЕНИЯ В МЕЖДУНАРОДНЫХ УНИВЕРСИТЕТАХ

***Мадаминов Гапыр Маматкулович** директор гимназии №3 лейлекского района,Баткенская обл., Кыргызская Республика, E-mail:m.i.g.11.14@list.ru, тел: 0558958285.*

**Аннотация:** В этом докладе рассказывается об особенностях международных университетов, о болонской системе, об условиях, которые ставятся перед студентами, обучающиеся там, еще подробно описывается, как со школьной скамьи учеников готовят на поступление и учебе в международный университет.

К подготовке на учебу в международном университете дается информация в книгах "Культура умственного труда", "Кругозор ",на курсах изучения иностранных языков, в кружках, которые проводятся в 3-гимназии Лейлекского района.

**Ключевые слова:** международный университет, Болонская система, кредитный час, самообразование, культура умственного труда, технопарк, кругозор, информационная технология

### Киришүү

Глобализация жана информациялык коомдун шартында заман талабына ылайык, конкуренцияга жөндөмдүү адистерди даярдоодо эл аралык университеттердин баркы жогорулоодо. Алардагы эл аралык стандартка ылайык жогорку квалификациялуу адистерди алдынкы методика жана информациялык технологиялардын негизинде даярданылышы жана бул университеттерде бүткөн адистердин, дүйнөнүн бардык бурчунда жумушка ыкчам кабыл алынышы буга күбө. Ал университеттер адистерди бир өлкө же улуттун талабында эмес, кенири эл аралык талаптарга ылайык азыркы коомдун чакырыктарына жооп бере турган даражада даярдоодо. Ошол себептүү эл аралык университеттерге окууга студенттерди мектеп партасынан баштап, өзгөчө багытта жаны методикалар менен даярдоо зарылчылыгы келип чыгууда. Биз бул темада, жогоруда айтылгандарга кенири токтолуп, Лейлек районундагы №3гимзиянынын мисалында окуучуларды эл аралык университеттерде окууга даярдоо жөнүндө баяндамакчыбыз.

Албетте борбор шаарларда мындай даярдыкты мыкты жүргүзгөн мектептер бир топ, ал эми биз айыл шартында мектептерде даярдоону баяндамакчыбыз. Мына ошондо калкынын 80 % жакыны айылда жашаган Кыргызстанда эл аралык стандарттарга ылайык билим алып, конкуренцияга жөндөмдүү, глобалдык ой жүгүрткөн студенттрге бай болот деп ойлойбуз.

**Азыркы эл аралык университеттер жана алардын талаптарын эске алып, окуучуларды бул университеттерге мектептен даярдоонун мааниси.**

Эл аралык университеттердин өзгөчөлүгү:

- Эл аралык стандарттарга ылайык билим берүү, адистерди даярдоо менен биргеликте илим изилдөө, илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын маалымат катары пайдалануу жана аны акчага айландырып кайрадан түшкөн кирешени илим изилдөөгө жумшоо.
- Жаны баалуулуктарды табуу, түзүү аркылуу коомго киргизүү болуп саналат.
- Азыркы университеттер коомдун, учурдун талабы катары дисциплиналар аралык илимге басым жасоодо.
- Эл аралык университеттер белгилүү бир эл, улут, өлкө эмес, эл аралык баалуулуктарды жана кызыкчылыктарды көздөп иш алып барат.
- Эл аралык байланыш англис тилинде экенин эске алынып, башка чет тилдер менен биргеликте өзгөчө англис тилини мыкты өздөштүрүүгө маани берилет.
- Жаны жогорку технология негизинде, технопарктарда, лабароторияларда билим берилет, тажрыйбалардан өтүшөт.

Окутуу өзгөчөлүгү, даярдаган адистердин сапаты, илим – техникадагы жанылык, жетишкендиктери менен белгилүү болгон университеттердин, жыл сайын рейтинги чыгарылып турат. Times Higher Education репутациялык рейтингинде дүйнөдөгү эн мыкты 10 жогорку окуу жайы:

1. Гарвард университети. (АКШ)
2. Массачусет технологиялык институту. (АКШ)
3. Стэнфорд университети. (АКШ)
4. Кембридж университети. (Улуу Британия)
5. Оксфорд университети. (Улуу Британия)
6. Берклидеги колифорниялык университети. (АКШ)
7. Принстон университети. (АКШ)
8. Йель университети. (АКШ)
9. Колумбия университети. (АКШ)
10. Калифорния технологиялык институту. (АКШ) [5]

Эн мыкты 100 окуу жайдын катарына Азия чөлкөмүдөгу 17 университет кирген. Бул сан былтыркыга салыштырганда жетиге көп. Азиядагы эн жогорку көрсөткүч Токио университетине таандык, андан кийин Кытайдын Цинхуа университети жана Пекин университети.

Негизги европа өлкөлөрүнүн бирдиктүү окутуу мейкиндиги Болонь ситемасы же процесси деп аталат. Ал система 1988 – жылы немец, италия, француз жана англия билим берүү министирлеринин демилгеси менен түзүлгөн. Аны Европанын 29 мамлекети колдоп, 1999 – жылы Болонь декларациясына кол коюшкан. Бүгүнкү күндө ал процесске 45 мамлекетин ЖОЖдору, студенттери мүчө болушкан.

Болон процессинин идея принциптери, Европалык кредиттик ситеманын (ECTS) негизги максаттары:

- Европадагы, дүйнөдөгү жаны чакырыктарга жооп берүү, өнүгүүдөн "токтоп" калган европанын билим берүү системасын, илимин өзгөртүү
- АКШ, Канада, Түштүк – Чыгыш Азия конкуренциясына туруштук берүү ж.б.

Өндүрүш процессиндеги эмгекте бүгүн барган сайын материалдык жагы азайып, информация, интеллект, чыгармачылык көбөйүүдо. Болон процессинде мына ушулар эске алынган.

Бүгүн бул системада бакалавр, магистр, кредит, саат, студенттердин бааларынын конвертацияланышы, рейтинг системасы, баалоонун баллдык (A: B: C: D: E: FX: F) шкаласы, ***60 % билимди студенттердин өз алдынча алуусу ж.б. колдонулууда.*** 60% билимди өз алдынча алуусу үчүн окуучу – студенттер, информациянын ар түрдүү булактары менен б.а. китеп, электрондук китеп,библеотека, интернет, сайттар менен иштей билүүго, айрыкча китептерди өз алдынча окуп, түшүнүп, негизини бөлүп, көп информациялык булактар арасынан тез, сапаттуу таап алууга жана алган информацияны проблемаларды чечүүгө, коомдо, турмушта пайдаланууга үйрөнүүсү зарыл. Айрыкча азыркы информациялык коомдо окуучу – студенттер, ыкчам ориентир-багыт алып, туура пайдалуусун тандап, үйрөнүүсү абзел. Биздин №3 гимназияда мына ушуларды эске алып, мектеп партасынан баштап, окуучуларды университеттерге даярдоодо АЭМ, (Акыл эмгегинин маданияты) Кругозор сабактары пайдаланылат.

Бүгүн Кыргызстанда Баллондук система менен окуткан аз сандагы эл аралык университеттер бар. Алар:

- Кыргыз-Түрк Манас Университети
- Борбордук Азия Эл аралык Университети
- Борбордук Азиядагы Америка Университети
- Ата Түрк Ала Тоouниверситети.

**Эл аралык университеттерге окууга окуучуларды даярдоодо - Акыл эмгегинин маданияты(АЭМ) сабагынын мааниси.**

Эл аралык университеттерге өтүү үчүн окуучу –студенттер төмөнкү талаптарга жооп берүүсү кажет:

1. Болон система менен окуткан ЖОЖ дун 1-2-курс студенти болуу.
2. Англис тилин жогорку денгээлде билерин тастыктаган TOEFL сертификатына ээ болуу.
3. Баллон системасындагы баалоо боюнча GPA -3.7ден жогору болуу. ж.б. талаптары бар. Биздин гимназияда окуучулук мезгилден ушуларга даярдык көрүлө баштайт.

Гимназияда окуучуларды ЖОЖ, эл аралык университеттерге даярдоо үчүн, 1997 – жылдан "Акыл эмгегинин маданияты" автордук инновациялык сабагыны киргизип өтүп келүүдөбүз. Болон системасы боюнча 60% билимди окуучу –студенттер өз алдынча алуусу зарылдыгы АЭМ сабагынын окуучу – студенттерге зарылдыгын дагы бир жолу далилдеди. Ал сабактарда биз окуучуларга:

- Өз алдынча билим алуу, -Критикалык ой жүгүртүү (АЖППОК),
- Маалыматтын негизин бөлүп алуу, - Окуп, түшүнүү методикалары,
- Убакытты туура пайдалануу, - Кругозорун ар тараптуу өнүктүрүү,

- Оңой – тез бекем жаттоо жолдору. - Маалыматты туура пайдалануу,
- Эстеп калуу, түшунүү, аналитикалык ойлоо,
- Конспект, дил баян, эссе, реферат, курстук иш, доклад жазуу жолдору,
- Чет тилдерин бат өздөштүрүү ,
- Окуган китептерине, окуяларга анализ жүргузүү жолдору,
- Суроо берүү жана суроого жооп берүү маданияты ж.б. темаларды өтөбүз.

Бул сабактардын программасы жана окуу колдонмо китептери да өзубүздө жазылып, окумуштуулардын рецензиясы жана пикири менен (Прихожан А. Н. Москва, Джек Хол Брук. Лондон) Бишкек шаарынан басылып чыккан.

**Мектептен чет тилдерди мыкты үйрөтүү аркылуу университеттерде окууга даярдоо.**

Окуучулардын эл аралык университетке даярдоонун бир багыты бул чет тилин мыкты өздөштүрүү болуп эсептелет. Анткени эл аралык университеттерде сабактарды өздөштурүү англис тили , немец, түрк, латын ж.б тилдеринде жүрөт.Биздин гимназияда чет тилдерди өздөштүрүү боюнча атайын ийримдер, курстар бар. Ал ийримдердин атайын план программасы иштелип чыккан. Гимназияда күнүнө кеминде 10 англис, орус сөздөрүнү

өздөштүрүү , аларды сөздүк блокнотко жазуу жана пайдаланып сүйлөм түзүү салтка айланган.

Ошондой эле мугалим жана демилгечи окуучулар тарабынан чет тилдеринин ***жумалыгы, декадасы*** өткөрүлөт. Мисал 2015 – жылы орус жана англис тилдеринин декадалары эн кызыктуу өткөрүлдү. Чет тилинде макал, ыр, декламация, ангеме топиктерди айтуу боюнча конкурс жарыштар өткөрүлүп турат.

Баарыдан да жемиштүүсү, чет тилдерди үйрөнүү ийрим курсу болуп эсептелет. Төмөндө ошол пргограммалардан үзүндү келтиребиз:

| **№** | **Наименование темы** | **Кол-о час** | **Время вып-я** |
|---|---|---|---|
| 1. | Роль и значение словарного запаса в изучении языка. | | |
| 2. | Роль словаря в понимании прочитанного, его значение в изучении языка. | | |
| 3. | Самостоятельное составление предложений с применением вновь усвоенных слов (словарей). | | |
| 4. | Составить блокноты и изучать слова по следующим тематическим направлениям:<br>- Бытовые слова;<br>- Слова относящиеся к учебному процессу;<br>- Слова относящиеся к культуре общения;<br>- Путешествие, экскурсия, туризм итд.<br>- Слова по кругозору;<br>- Научно-технические слова. | | |
| 5. | Методика применения, изучения и усвоения словаря. | | |
| 6. | Обогащение словарного запаса с помощью перевода различных текстов. | | |
| 7. | Развитие словарного запаса с помощью разговорников (диалог, беседа). | | |
| 8. | Мировой опыт изучения иностранных языков (уникальные, интересные примеры). | | |
| 9. | Составление рассказов, написание эссе, сочинения путем применения вновь усвоенных слов. | | |
| 10. | Обогащение словарного запаса с помощью ТВ, радио, DVD и др. ТСО | | |

**Эл аралык университеттерге студенттерди даярдоодо Ой өрүшү – кругозор ийрим-сабагынын мааниси**

Окуучуларды эл аралык университетке даярдоонун маанилүү бир багыты – бул алардын ой өрүшү- кругозорун өстүрүү болуп эсептелет. Кругозор, ой өрүшүнүн кеңдиги коомдо, ар кайсы жагдайда, туура жол таап, чыгармачылык менен жашоого жардам берет. Ошондой эле ой өрүшү кругозорун өстүрүү – окуучулардын Кыргызстандагы жана чет өлкөлөрдөгү эл аралык университеттерде өзүн ишенимдүү сезип, билим алуусуна өбөлгө болот. Анткени, кругозорду өстүрүү аркылуу окуучулар түрдүү элдердин тарыхы, маданияты, каада-салты ж.б. үйрөнүшүп ал элдер менен баарлашууга даярданып барышат.

Мына ушуларды эске алып биздин гимназия мектепте 1997 – жылдан баштап “Кругозорду өстүрүүнүн багыттары” 20 багыт 16 главага топтоштурулуп, 130 темаларга бөлүнүп, системалаштырылып өтүлүүдө. Анда ***адам, аалам, жаратылыш, биздин дүйнө,***

***турмуш тиричиликтен баштап илим, техника, маданият, искусство, саясат, келечек, дин, коом, өндүрүш, укук*** ж.б. кызыктуу бөлүм, темалар камтылган
Төмөндө окуучулардын кругозорун өстүрүү схемасын сунуштадык:




Мектепте:

- Атайын сабак, кече, кругозор, КВН, диспут, жолугушуу, экскурсия, саякат, ж.б. өткөрүлөт.
- Мектептеги окуучулардын кругозорун өстүрүү боюнча атайын иш-чаралар түзүп чыгып ишке ашырылат (окуучу, ата-энелердин жардамы менен).
- Китепканалардын, техникалык каражат, интернет, ж.б. мүмкүнчүлүктөр пайдаланылат.
- Сабактагы темалар жөнүндө окуу китебинен башка да булактардан билим алынат (интернет, энциклопедия, сөздүк, гезит-журнал, АЭМ ж.б.)
- Кругозор боюнча атайын дептер, блокнот түзүлөт.

Биздин мектеп-гимназияда 19 жылдан бери кругозор сабак ийрими өтүлүп келүүдө. Анын программасы жана колдонмо китеби автор тарабынан жазылып 2014 – жылы Бишкектен басылып чыкты. Бул сабактар окуучулардын ой өрүшүн өстүрүп, дүйнө-таанымын кеңейтип чет өлкөдөгү эл аралык жана Кыргызстандын алдыңкы университеттеринде ийгиликтүү окууга шарт түздү.

**Корутунду**

Демек, эл аралык университеттер билим берүүнүн эл аралык стандарттарынын негизинде, эн жаны методикалар жана информациялык техника, технологиялар негизинде адистерди даярдайт. Аларды бүткөн студенттер жогорку маяналуу жумуштарга оной, бекем, тез орношуусу мүмкүн.

Биздин №3 гимназияда энелер мектеби аркылуу ата – энелерди өз балдарыны эл аралык университеттерге окутууга, окуучуларды болсо ал университеттерге окууга кызыктыруу жана даярдоого өзгөчө көнүл бурулуп келүүдө. Ал үчүн атайын АЭМ, ой өрүшү, кругозорду өстүрүү сабактар жана чет тилдерди үйрөнүү ийрим курстары аркылуу окуучуларды даярдайбыз. Мына ушул көп жылдык иш – чаралардын, кызыктыруу,

мотивация берүү жана эл аралык университеттердин талаптарын эске алып даярдоонун натыйжасында Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдөгү эл аралык университеттерде окуган студенттерибиздин саны жылдан жылга өсүүдө. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда КТМУ да 50студент, Ата Түрк Ала Тоо университетинде 6 студент, ал эми дүйнөнүн 7 мамлекетинде 46 студенттерибиз билим алууда. Мисалы алар:

1. Мурадова Н. АУЦА. Бишкек.
2. Жумабаев А. “Ата Турк Ала – Тоо университети.”
3. Турдиев. Ө. “Ата Турк Ала – Тоо университети.”
4. Абдулатипов А. Triton colleg/ АКШ.
5. Алымкулов Б. Йенский университет. Германия.
6. Акимов Н. ICLC/ Япония. Окинава.ш.
7. Бердияров Э. AFYON Hocetepe universitesi/ Туркия.
8. Кенженазарова. А. НИЯУ МИФИ.Москва.
9. Адилов С. Россия. Москва. ж.б
10. Расулов Б. Кытай.

**Адабияттар тизмеси**


1. Глобальное образование. теория и практика. ЮНИСЕФ,2004.
2. Ата Түрк Ала Тоо университети.
3. 2011 –ж.ЖРТнын жана КРнын ЖОЖдорунун гранттык жана контракттык орундарына кабыл алуунун жыйынтыктары. Бишкек – 2011ж.
4. Акыл эмгегинин маданияты. Бишкек -2015
5. Ой өрүшү. Кругозор. Бишкек-2014ж.
6. Кут билим” гезити. 13 – май 2016 –ж.